**М. М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б. СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ - ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

# Диссертациялык иштин алдын ала кароо боюнча Д.06.23.663 диссертациялык кеңешинин отурумунун № 15 протоколу

2024-жылдын 4-июну Ош шаары

**Д.06.23.663 диссертациялык кеңешинин төрагасы: б.и.д., профессор, КР УИА академиги Б. А. Токторалиев**

**Окумуштуу катчы: б.и.к., доцент З. А.Тешебаева**

**Төрага:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, сиздер менен жолугушуп отурганыбызга кубанычтамын. Диссертациялык кеңештин жумушуна киришүүгө уруксат берсеңиздер, кворум бар, бүгүнкү отурумга 17 диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнөн 14 катышып жатат, анын ичинен онлайн катышкандар – 4, 3 белгилүү себептер менен катыша албай жатышат, бүгүнкү отурумга катышкандарды аттарын атап кетейин (тизме боюнча аталды).

| № | Фамилиясы жана аты-жөнү | Окумуштуулук даражасы жана наамы, диссертациялык кеңештеги адистигинин шифри |
|---|---|---|
| 1 | Токторалиев Биймырза Айтиевич | б.и.д., проф., академик, 03.02.05 – энтомология, 03.02.08 – экология |
| 2 | Тажибаев Акынбек | б.и.д., проф. м.а., 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк, 06.03.02 – токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы |
| 3 | Тешебаева Зулумкан Абдыманаповна | б.и.к., доцент, 03.02.08 – экология, 03.02.05 - энтомология |
| 4 | Сакбаева Зульфия Исраиловна | б.и.д., доцент, 03.02.08 – экология, 06.03.02 – токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Самиева Жыргал Токтогуловна | б.и.д., доцент, 03.02.08 – экология, 06.01.07 – өсүмдүктөрдү коргоо |
| 6 | Танаков Нурланбек Токтогулович | а.-ч.и.д., доцент, 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк |
| 7 | Шамшиев Бакытбек Нуркамбарович | а.-ч.и.д., профессор, 06.03.02 - токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы |
| 8 | Эрматова Венера Белековна | а.-ч.и.к., доцент, 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк |
| | **Онлайн катышкандар** | |
| 9 | Пономарёв Василий Иванович | б.и.д., 06.01.07 – өсүмдүктөрдү коргоо |
| 10 | Сагитов Абай Оразович | б.и.д., профессор, академик, 06.01.07-өсүмдүктөрдү коргоо, 03.02.05-энтомология |
| 11 | Кожевникова Алефтина Григоревна | б.и.д., профессор, 03.02.05 – энтомология |
| 12 | Уразгельдин Руслан Вилисович | б.и.д., 06.03.02-токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы |
| 13 | Худайбергенова Бермет Мерлисовна | б.и.д., КР УИА мүчө-корр., профессор, 03.02.08 – экология |
| 14 | Ташматова Нуриля Кубатовна | б.и.к., 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк |

**Катышкан жок (жүйөөлүү себептер менен):**

1. Карпун Наталья Николаевна, б.и.д., доцент (талаа экспедицияга кеткендигине байланыштуу)
2. Хантемиров Рашит Мигатович, б.и.д., а.и.к. (талаа экспедицияга кеткендигине байланыштуу)
3. Смаилов Эльтар Абламетович а-ч.и.д., проф. (иш сапарда болгондугуна байланыштуу)

**Төрага:** Анда бүгүнкү диссертациялык кеңештин отурумундагы коюлган маселесине көңүлүңүздөрдү бурсак:

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токойчулук-экологиялык абалы” темадагы 06.03.02 – токой таануу,

токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо. Илимий жетекчиси - а.-ч.и.д., проф. Шамшиев Б.Н.

**Төрага академик Токторалиев Б.А. :** Изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин 06.03.02- токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токойчулук-экологиялык абалы" темасында диссертациялык ишин алдын ала коргоого оюунуздарды билдирсеңиздер, каршы калыс жокпу?

Кеңештин отуруму алдын ала коргоого бир добуштан макул болушту.

**Төрага:** Келип түшкөн сунуштар боюнча, күн тартиби бир добуштан бекитилди. Каршы, калыс – жок. Анда диссертациялык жумушту талкууга өтсөк, сөз изденүүчүнүн жеке документтеринин материалдары жана автобиографиялык маалыматтары менен тааныштыруу үчүн окумуштуу катчы, б.и.к., доц. З.А. Тешебаевага берилет.

**Окумуштуу катчы Тешебаева З. А.:** Урматтуу төрага, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, изденүүчү С. С. Мурзакуловдун 06.03.02- токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы адистиги боюнча "Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токойчулук-экологиялык абалы" темасында диссертациялык иши боюнча документтеринин материалдары менен тааныштыруу үчүн уруксат берсеңиздер.

Диссертациялык жумуш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн А. С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш ресурстарын пайдалануу институтунда жана Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн А. С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш ресурстары институтунда аткарылган. Илимий жетекчиси - а.-ч.и.д., проф. Шамшиев Б. Н.

Ошондой эле изденүүчү С. С. Мурзакуловдун өмүр баяны тууралуу маалымат берилди.

Изденүүчү С. С. Мурзакуловдун аттестациялык ишинде: Д.06.23.663 диссертациялык кеңешинин төрагасы, проф. Б. А. Токторалиевдин атына жазылган арызы; изденүүчүнүн иштеген жеринен тастыкталган өздүк баракчасы; жогорку билимдүү дипломунун тастыкталган көчүрмөсү; илимий темасын жана илимий жетекчисин бекитүү боюнча буйруктан көчүрмө; окумуштуу катчы тарабынан тастыкталган жарыяланган илимий эмгектеринин тизмесинде изилдөө темасы боюнча негизги жыйынтыктар камтылган 15 илимий макала жарыяланып, жалпы 153 баллды түзгөн. Кандидаттык минимумдарды ийгиликтүү тапшыргандыгы тууралуу токтомдор; илимий жетекчисинин пикири; диссертациялык ишинин

жыйынтыктары боюнча өндүрүшкө кийирүүгө берилген актысы(КР жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин ош регионалдык башкармалыгынан) жана диссертация, авторефераттар орусча, кыргызча түрүндө берилген.

Илимий иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлөмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун окумуштуулар кеңешинин кеңейтилген отурумунда алдын ала талкуудан өткөрүлгөн (2024-жылдын 5-мартындагы кезексиз отурумунун № 2 протоколу). Диссертациялык кеңеште кароо үчүн керектүү документтер толук түрдө берилген. Документтери Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына туура келет.

**Төрага:** Изденүүчүнүн диссертациялык кеңеште кароо үчүн керектүү документтери боюнча суроолор жок болсо, анда, изденүүчү С. С. Мурзакуловдун 06.03.02- токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы адистиги боюнча "Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токойчулук-экологиялык абалы" темасында диссертациялык иши боюнча баяндама жасоо үчүн сөз берилет. Регламентти сактоо менен - 15- 20 мин. чейин убакыт берүүнү сунуштайм.

**Изденүүчү Мурзакулов С. С.:** Урматтуу төрага, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Сиздердин назарыңыздарга "Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токойчулук-экологиялык абалы" темасында диссертациялык ишимди сунуштаймын. Диссертациялык иш КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Жаратылыш ресурстары институтунда илимий долбоорлордун алкагында аткарылган. Баяндамада диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, диссертациянын коргоого алып чыккан негизги жоболору, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы, изилдөөнүн ыкмалары жана методологиясы, корутундулар жана практикалык сунуштар тууралуу айтылды (баяндама тиркелет).

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, баяндама жыйынтыкталды, изденүүчүгө суроолуздар болсо берсеңиздер:

**Изденүүчүгө берилген суроолор:**

**Токторалиев Б. А., б.и.д., проф.:** Диссертациялык жумуш боюнча изилдөөлөр канча жыл аралыгында изилденди?

**Изденүүчү:** Диссертациялык жумуш боюнча изилдөөлөр жалпы он беш жыл аралыгында изилденип, жыйынтыкталды. Өзүм "Кыргыз-Ата" улуттук жаратылыш паркында он жыл директор болуп иштедим. Магистрдик багытында окуп жүргөндө эле Түркстан-Алай тоо аймактарында арча токойлордун абалы жана ал жердеги интродукцияланган дарактардын абалына изилдөө иштерин баштаганмын.

**Самиева Ж. Т., б.и.д., доц.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, бул диссертацияны укканда жакшы бир мындай ойлор келет, себеби, бул диссертация абдан бир актуалдуу илимий талаптарга жооп бере турган илимий изилдөөлөрү бар экен. Бул диссертациялык жумуштун алкагында кандайдыр бир гранттык же каржылоо булактарына тийиштүү илимий-практикалык долбоорлорго табыштама берилген беле?

**Изденүүчү:** Маанилүү суроонуз үчүн ырахмат. Мен "Кыргыз-Ата" улуттук жаратылыш паркында директор болуп иштеп турган учурда диссертациялык жумуш боюнча «JUMP» изилдөө долбоорунун алкагында Евросоюздун каржылык колдоосу менен "Түштүк Кыргызстандын арча токойлорунун табигый жана жасалма регенерациясынын маселелери, токой патологиялык абалы жана экологиялык аспектилери" деген аталыштагы долбоордун алкагында 2004-2006-жылдар аралыгында 3 жыл ичинде изилдөөлөр аткарылган. Мындан сырткары, "Тоолуу Кыргызстандын шартында интродукцияланган дарак породалары менен арча токойлорун калыбына келтирүү" 2001-2003-жылдары, "Табигый жана антропогендик факторлордун таасири астында токой калыптануу процессинин өзгөрүшүнүн шартында Кыргызстандын түштүгүндөгү арча токойлорунда токой чарбачылыгын жүргүзүүнүн илимий негиздерин иштеп чыгуу" 2012-2014-жылдары, "Табигый жана антропогендик факторлордун таасири астында токой калыптануу процессинин өзгөрүү шарттарында Кыргызстандын түштүгүндөгү арча токойлорунда токой өстүрүү" 2015-2016-жылдары аткарылган долбоорлор менен биргеликте аткарылган.

**Худайбергенова Б. М., б.и.д., проф. КР УИА мүчө-корр.:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, бул аткарылган диссертациялык жумуштун актуалдуугу бар деп эсептейм, диссертациялык иштин жыйынтыгында изденүүчү тарабынан токой чарбага пайдалануу үчүн айыл өкмөткө практикалык кандай сунуштар берилди? Берилген практикалык сунуштамалар кандайдыр бир усулдук колдонмо катары иштелип чыктыбы?

**Изденүүчү:** Урматтуу, Бермет Мерлисовна, суроонузга ыраазычылык билдирем. Аткарылган диссертациялык жумуштун жыйынтыгында төмөндөгүдөй негизги практикалык сунуштар берилди, алар: Арчалуу токой тилкесинде фитоценоздук абалды жана жаңылануу процессин калыбына келтирүү жана жакшыртуу үчүн өзгөчө кыйраган аймактарда жана участоктордо бак-дарактарды өстүрүү жана калыбына келтирүү, өз алдынча өсүү жана өнүктүрүү үчүн жакшы шарттарды түзүү максатында коргоо режимин киргизүү зарыл; Арча өстүрүү үчүн материалды өндүрүүнү көбөйтүү жана токойду калыбына келтирүү иштерин камсыз кылуу үчүн көчөттөрдү өстүрүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жана токой чарбасынын бардык түрлөрүн механизациялоону киргизүү зарыл; Арчалуу токой тилкесинде питомниктерди түзүү арча тилкесинин төмөнкү жана ортоңку чегинде эңкейиши 8°ден ашпаган жерлерде, сугат булагына жакын жерде жүргүзүлүүгө тийиш. Зеравшан жана жарым шар түрүндөгү арчаны, мүмкүн болсо, токойдун төмөнкү чегине жакыныраак өстүрүш керек; Түркстан

арчасынын көчөттөрүн өстүрүүчү питомниктерди 2400-2500 м абсолюттук бийиктикте, ылдыйкы чек аранын орто зонасында түзүү жакшы. Жарым шар формасындагы арчанын культуралары зеравшан арчасынын төмөнкү тилкесинде токойдун төмөнкү чегинен 2600 - 2700 мге жакын абсолюттук бийиктикке чейин, ал эми түркстан арчасында - анын табигый диапазонунда гана бай жана нымдуу топурактарда түзүлүшү керек. Дарак породаларынын ассортиментин кеңейтүү үчүн эң келечектүү жана сунуш кылынган 18 түрү, ал эми жашылдандырууда кеңири жайылтуу үчүн 31 түрү бар. Токой чарба ишканаларына бул түрлөрдү Түркстан-Алай токой өстүрүү аймагынын арча токой тилкесинде массалык түрдө жайылтуу, ошондой эле келечекте санитардык тазалоо, бутоо иштерин жүргүзүү менен аларды реконструкциялоону эске алуу жана жогорку түшүмдүү өсүмдүктөрдү максатка ылайыктуу түзүү. Аталган практикалык сунуштамалар КРнын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ош регионалдык башкамачылыгына жана Токой чарба ишканасына колдонууга берилген. Берилген практикалык сунуштамалар атайын усулдук колдонмо катары «JUMP» изилдөө долбоорунун колдоосунда жүздөн ашуун экземпляр чыгарылып, токой чарбаларга тиешелүү ишканаларга таркатылган.

**Эрматова В. Б., а.-ч.и.к., доц:** Урматтуу, изденүүчү, баяндамаңыз үчүн ырахмат. Сиздердин практикалык сунуштамаларыныздарда жайыттарды сактоо үчүн тосмолорду уюуштурууда жайыт көйгөйү ал жерде бүгүнкү күндө оор маселе, ошол маселелерди чечүүдө, негизи эле практикалык сунуштарды иш жүзүнө ашырууда кандай тоскоолдуктар болду?

**Изденүүчү:** Союз таркагандан кийин малдын саны бул аймакта жылдан жылга көбөйүп жатат. Калктын экологиялык билими начар богондуктан, түшүндүрүү иштери да бир топ татаал болуп жатат. Жайыттарда кайра табигый калыбына келүү өтө жай жүрүдөө. Мамлекет тарабынан атайын бекитилген мыйзамдар менен иш жүргүзүү зарыл. Антпесе жайыт маселеси, токойду сактап калуу көйгөйлөрү курч бойдон калууда. Жыйт маселеси ал жерде бүгүнкү күндө оор маселе болуп жатат.

**Танаков Н. Т., а.-ч.и.д., доц.:** Диссертациянын темасы боюнча изилдөө иштеринде кандай математикалык статистикалык иштеп чыгуулар болду? Математикалык статистикалык иштеп чыгуулар кайсы ыкмалардын негизинде аткарылды?

**Изденүүчү:** Биздин изилдөөлөрүбүздө Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча токойлорунун жана сейрек токойлорунун негизги массивдери изилденди. Илимий изилдөөлөрдүн негизги бөлүгү Кыргыз-Ата улуттук жаратылыш паркынын, Кара – Кой токой сыноо чарбасынын жана Ноокат токой чарбасынын аймагында топтолгон. Мында математикалык статистикалык иштеп чыгуулар төмөндөгүдөй ыкмалардын негизинде аткарылды. Бардык изилденген арча өсүмдүктөрүндө орточо өлчөмү 1 га болгон ири сыноо аянттары түптөлгөн, анда дарактардын жашы аныкталган, бак-дарактардын таксациялык көрсөткүчтөрү, мөмө берүү, арчанын табигый жаңылануусу, жер кыртышы жана жер катмары изилденген.

Талаа материалдарын иштетүүнүн натыйжасында арча токойлорундагы сыноо аянттарында изилдөө иштери талданып, биз жаны өнүп чыккандарын жана уругунан  өз алдынча өсүп чыккан түрлөрү изилденген. Мында экспозицияларга жана эңкейиштин тиктигине жараша көз карандылыгын аныктоого аракет кылдык. Жыйынтыгында, жаны өнүп чыккандарын эң көп саны токойдун 1800дөн 2200мге чейинки бийиктикте анын саны акырындык менен 200дөн 500гө чейин көбөйгөн, ал эми 2200дөн 2400мге чейин кескин көбөйүүсү байкалган (500дөн 1100 даанага чейин). 2500дөн 2750мге чейин жаны өнүмдөрдүн санынын кескин көбөйүшү байкалат (800дөн 1300 даанага чейин), андан кийин 600 даанага чейин 2800м бийиктикте, 300 даанага чейин 3000м бийиктикте жана 75 даанага чейин 3100м абсолюттук бийиктикте төмөндөө байкалат. Ошондой эле Таксациялык көрсөткүчтөр: орточо бийиктиги, орточо диаметри, жаш курагы классы, бак-дарактардын запасы Ю .И. Никитинский боюнча, К. Д. Мухамедшиндин арчанын бонитировкасынын маалымдама таблицалары боюнча аныкталган. Мында  “Токой таксациясы” (Анучин, 1971); токой-таксациялык таблицалар (Вагин ж.б., 1974); жука өлчөмдүү жыгачтарды таксациялоо (Лозова ж. б., 1975) жана Казакстандын токойлорун таксациялоо боюнча маалымдама (1980) кошумча окуу китептери пайдаланылды. Арча токойлорундагы бак-дарактарды изилдөө, алардын деградациясын жана түшүү деңгээлин шарттаган, жана башка себептер ар кандай жантайыңкы тик, экспозиция жана абсолюттук бийиктиги бар жерлерде өскөн бактарга коюлган сыноо аянттарында изилденген. Арча дарактарынын абалынын категориялары боюнча изилдөө объектисине жалпы баа берүүнү аныктоо үчүн КР УИАнын Токой институту жана Москва мамлекеттик токой университетинин токой экологиясы жана коргоо кафедрасы (Мозолевская, Катаев, Соколова, 1984) иштеп чыккан методикалар колдонулган.

Табигый кайра көбөйүү бийиктиктин градациялары боюнча жаңы өнүмдөрдү үзгүлтүксүз эсепке алуу ыкмасы менен жүргүзүлүп, статистикалык көрсөткүчтөр эсептелген. Мында алынган жыйынтыктар талданып, арчанын табигый жаңылануусунун ийгилиги жана бул процессте ар кандай факторлордун таасири жөнүндө тиешелүү тыянактар чыгарылды.

**Сакбаева З. И.  д.б.н., доц.:** Саламатсыздарбы, менде изденүүчүгө суроо бар эле. Авторефератта көрсөтүлгөндөй, сыноо аянттарында табигый жаныланууну эсепке алуунун жыйынтыгында, 1972, 1992-жылдардагы сыноо аянттары жөнүндө маалыматтар берилген экен. Акыркы жылдарда да ушундай маалымат барбы?

**Изденүүчү:** Биз, изилдөөлөрүбүздө 1972-жылдардагы К.Д. Мухамедшиндин жана 1992-жылдагы Б. Н. Шамшиевдин туруктуу сыноо аянттарын пайдаландык. Андан сырткары, 2010-2015 жылдар аралыгында аянты 1 га болгон  убактылуу сыноо аянттарды бийиктик зоналарына жараша түздүк. Мында Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча токойлорунун жана сейрек токойлорунун негизги массивдери изилденди. Бардык изилденген арча өсүмдүктөрүндө орточо өлчөмү 1 га болгон ири сыноо аянттары түптөлгөн. Сыноо аянттары ар кандай токой өстүрүү

шарттарында, ар кандай абсолюттук бийиктиктерде жана экспозицияларда, арча токойунун арасында коюлган. Алар токой чарбаларынын чегинде арча алкагынын бүткүл профилин, ошондой эле арчанын табигый регенерациясы байкалган негизги өрөөндөрдү жана токой участокторун камтыйт.

**Төрага:** Дагы суроонуздар барбы? Эгер суроолор жок болсо, анда аталган диссертациялык ишке дайындалган эксперттерге сөз берсек. Диссертацияныk иш боюнча биринчи эксперттер – б.и.д., проф. м.а. Тажибаев А., б.и.д., доц. Уразгильдин Р. В. жана б.и.д., проф. З.И. Сакбаева дайындалган. Анда сөз эксперт б.и.д., проф. м.а. А.Тажибаевге берилет.

**Тажибаев А., б.и.д., проф. м.а.:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү, изденүүчүнүн диссертациясы кыргыз тилинде жазылгандыктан, эксперттин корутундусун да кыргыз тилинде жазууга милдеттүү болгондуктан, кыргыз тилинде айтууга уруксат берсеңиздер. Өзүнүн эксперттик бүтүмүн окуп берди (текст тиркелет).

Аткарылган диссертацияда бир топ олуттуу кемчиликтерге жол коюлган. Алар:

1. Жумуш грамматикалык текшерүүнү талап кылат.
2. Диссертациялык теманын актуалдуулугу да так ачылбаган. Диссертациянын ойлору чачкын, система жок, түшүнүксүз, бүтпөй калган сүйлөмдөр бар, тилдик мүчүлүштүктөр өтө көп.
3. Автореферattын кыргыз тилиндеги вариантында да жогоруда диссертацияда көрсөтүлгөн кемчиликтер учурайт, тилдик, грамматикалык каталар бар. Орус тилиндеги варианты салыштырмалуу сабаттуураак десе болот.

**Сунуштар:** Аткарылган диссертация өтө терең, кылдат кайра карап чыгууну талап кылат. Тема актуалдуу болгону менен жасалгаланышы, илимий иштерди жыйынтыктоого коюлуучу талаптарга ылайык келтирүү керек.

Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой - экологиялык абалы” деген темадагы диссертациялык ишинен алынган материалдарды токой айыл чарбасын калыбына келтирүү боюнча токойчулук боюнча мекемелердин кызматкерлери колдоно алат.

Жетектөөчү уюмду дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү боюнча Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча Казань мамлекеттик агрардык университетинин, токой чарбасы жана экология факультетинин, токой чарбасы жана токой өсүмдүктөрү кафедрасын сунуштоого болот (420015, Казань ш., К. Маркс көч., 65).

Биринчи расмий оппонент катары Россия Илимдер академиясынын федералдык изилдөө борборунун, Уфа биология институтунун, Токой таануу лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, биология илимдеринин доктору Уразгильдин Руслан Вилисовичти (автореферат боюнча шифры - 06.03.02) сунуштайм.

Экинчи расмий оппонент катары изилдөнүн проблемасына жакын: Казак улуттук агрардык изилдөө университетинин (Алматы ш.) токой ресурстары, аңчылык жана балык чарбасы кафедрасынын профессору айыл чарба илимдеринин доктору Кентбаев Ержан Жунусовичти сунуштайм. (адистиги 06.03.01 – Токой өсүмдүктөрү, селекция, үрөнчүлүк; 03.00.16 – Экология).

**Корутунду:** Аткарылган жумуштун койгон маселелери актуалдуу, себеби, токой чарбалары, алардын азыркы абалдары, калыбына келтирүү проблемалары жана башка көпчүлүк көрсөткүчтөрү боюнча бир топ баалуу материал боло алат. Жумуштун максаты айкын, милдеттери так. Бирок жасалгаланышы, талапктарга жараша оңдоо керек.

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Академик М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетине, Ош мамлекеттик университетине, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетине караштуу Д 06.23.663 диссертациялык кеңешине 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы тармагы боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн С.С.Мурзакуловдун “Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой - экологиялык абалы” деген темадагы диссертацияны көрсөтүлгөн грамматикалык, илимий, кемчиликтерин оңдоп кабыл алууга сунуш кылууга болот. Эксперт – б.и.д., доц. Тажибаев А.

**Төрага:** Эксперт б.и.д., доц. А.Тажибаевдин сын-пикирине жооп бериниз, урматтуу изденүүчү.

**Изденүүчү:** Эксперт б.и.д. доц. А.Тажибаевдин берген сын-пикири боюнча жумуш грамматикалык текшерүүдөн өттү. Диссертациянын актуалдуулугу толукталып так берилди. Диссертацияда текстерде грамматикалык мүчүлүштүктөр жоюлду. Автореферattын кыргыз тилиндеги вариантында да жогоруда диссертацияда көрсөтүлгөн кемчиликтер, грамматикалык катаалар орус тилиндеги варианты салыштыруу менен оңдолду.

**Төрага:** Сөз кийинки эксперт б.и.д., проф. З.И. Сакбаевага берилет.

**Сакбаева З. И., б.и.д., проф.:** М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин алдындагы биология илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 06.23.663 диссертациялык кеңештин эксперти биология илимдеринин доктору, доцент Сакбаева Зулфия Исраиловнанын 06.03.02-токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы” деген темадагы диссертациясына корутунду менен тааныштырды (кортунду тиркелет).

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:** Эмгекте айрым мүчүлүштүктөр кездешет.

1. Кээ бир бөлүмдө айтылган маалыматтар башка бөлүмдө да кайталанганы кездешет. Бир жазылган маалымат экинчи ирет кайталанбашы керек деп ойлойм.
2. Аткарылган жумуштун текстин бир сыйра карап чыгуу керек. Жумуш грамматикалык кароого муктаж.
3. Диаграммалар бирдей түстө чыгарылгандыктан кайсы сызык эмнени түшүндүрөөрү же айырмасы билинбей калган. Ошондуктан ар бир сызыктын мааниси өз деңгээлинде болушу үчүн түстүү чыгарылышы керек.
4. Авторефератта кыргызчасында жана орусчасында келтирилген таблицалардагы, диаграммадагы туура эмес катачылыктарды жана грамматикалык мүчүлүштүктөрүн диссертацияда дагы оңдоо зарыл.
5. Диссертациянын текстеринде жана авторефераттын кыргызча орусчасында терминдер бардык жерде бирдей болушу керек.
6. Авторефератта терминдер чоң же кичине болуп жазылыш керек, же бардык жерде кичинекей же бардык жерде чоң тамгалар берилиш керек.

**7. Сунуштар:** Диссертациялык жумуш 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистигине жооп берет. Жумуштун грамматикалык мүчүлүштүктөрүн жоюу үчүн текшертүү керек. Техникалык кемчиликтерди, таблицалардагы, схемалардагы туура эмес аталыштарды оңдоо зарыл. Жумуштун эксперименталдык бөлүгүндөгү методикалык баяндамаларды тиешелүү графага алуу керек.

**8. Сунуштамалар: Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча илимий кадрлары бар Казань мамлекеттик агрардык университетинин, токой чарбасы жана экология факультетинин, токой чарбасы жана токой өсүмдүктөрү кафедрасын (Казань ш.) сунуштоого болот.

Биринчи оппонент катары - Россия Илимдер академиясынын федералдык изилдөө борборунун, Уфа биология институтунун, Токой таануу лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, биология илимдеринин доктору Уразгильдин Руслан Вилисовичти (автореферат боюнча шифры - 06.03.02) сунуштайм.

Экинчи расмий оппонент катары - изилдөнүн проблемасына жакын: Казак улуттук агрардык изилдөө университетинин (Алматы ш.) токой ресурстары, аңчылык жана балык чарбасы кафедрасынын профессору айыл чарба илимдеринин доктору Кентбаев Ержан Жунусовичти (автореферат боюнча шифры –06.03.01 – токой өсүмдүктөрү, селекция, үрөнчүлүк; 03.00.16 – экология) сунуш кылам.

**Төрага:** Изденүүчү, эксперт З. И. Сакбаеванын айткан пикирине жооп бериңиз.

**Изденүүчү:** Диссертациялык жумуш боюнча эксперттин пикири боюнча:

Кээ бир бөлүмдө айтылган маалыматтар башка бөлүмдө да кайталанып калган жерлерди толук карап чыктык. Диаграммалар бирдей түстө чыгарылган сызыктардын түстөр ажыратылып көрөтүлдү, ар бир сызыктын мааниси өз деңгээлинде түстүү чыгарылышта берилди. Автореферattын кыргызчасында жана орусчасында келтирилген таблицалардагы, диаграммадагы туура эмес аталыштарды жана грамматикалык мүчүлүштүктөрүн диссертацияда толугу менен оңдолуп берилди. Диссертациянын текстеринде жана автореферattын кыргызча орусчасында терминдер бардык жерде бирдей такталып жазылды.

**Төрага:** Кийинки эксперт б.и.д., доц. Р. В. Уразгильдиндин изденүүчү С. С. Мурзакуловдун диссертациялык жумушуна карата берилген сын-пикири менен тааныштыруу үчүн окумуштуу катчыга сөз берилет.

**Окумуштуу катчы, б.и.к., доц. З. А. Тешебаева:** Эксперт б.и.д., доц. Р. В. Уразгильдин азыркы учурда талаа экспедициясында тоодо жүргөндүгүнө байланыштуу, интернет мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, анын эксперттик корутундусун окуп коюга уруксат этиңиздер. КРнын УИАнын жобосуна, талаптарына ылайык, эгерде эксперт оң корутунду берген болсо, эксперт катыша албай калган учурунда окумуштуу катчы эксперттин корутундусун окуп берүүгө укугу бар, ошондуктан эксперттин сын-пикирине көңүлүңүздөрдү бурам (эксперттин кортундусу тиркелет).

**Төрага:** Эксперт Р. В. Уразгильдиндин сын-пикирине жооп бериңиз, изденүүчү.

**Изденүүчү:** Диссертациянын айрым бөлүмдөрү таблицалык же графикалык материалдар толукталып берилди. Бардык көрсөтүлгөн кемчиликтер эксперт тарабынан кылдат каралып, диссертациялык жумуштун техникалык жана грамматикалык мүнөздөгү кемчиликтер ондолуп, каталар толугу менен жоюлду.

**Төрага:** Эксперттердин берген корутундуларына жана изденүүчүнүн жоопторуна суроо-пикирлер жок болсо, анда сөз илимий жетекчиси, а.-ч.и.д., профессор Шамшиев Бакытбек Нуркамбаровичке берилет.

**Шамшиев Б. Н. а.-ч.и.д., профессор:** Урматтуу, диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү, изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 06.03.02 – токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистигинин боюнча жазылган “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы” аталышындагы диссертациялык иши боюнча өзгөчө пикиримди айтууга уруксат этиниздер.

Кыргызстандын токойлору көп учурда калктуу пункттарга жакын өсөт, алардын 2 миллиондон ашык айыл калкы бар, бул болжол менен 283 айыл аймагы, бул дээрлик (63%) адамдар токой райондорунда жашашат, ал эми алардын социалдык өнүгүүсү токой ресурстарына бир топ көз каранды. Ошол эле учурда Кыргызстандын түштүгүнүн үлүшүнө өзгөчө Ош жана Баткен облустарында өлкөнүн арча токойлорунун дээрлик жарымынан көбү туура келет. Буга карабастан бүгүнкү күндө мындай табигый байлыкты сактоо жана көбөйтүү боюнча иштөөнү каалаган компетенттүү адистер жетишсиз. Азыркы

учурда аймактарда илимий кадрларды жана жакшы адистерди даярдоо зарылдыгы турат.

Квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги бул иштин өзгөчөлүгүнө байланыштуу. Азыкы учурда жаштар цивилизациядан алыста иштөөгө даяр эмес, тоолуу шарттарда жетиштүү инфраструктура жок. Ал үчүн патриот жана токойго коргоого кызыккан гана адис болушу керек. Ошондуктан, бул тармакта иштегендердин жашы орточодон жогоркулар. Жаштар аз, активдүү эмес.

Биздин изденүүчү да жаш эмес, ал азыр 61 жашта. Изденүүчү 1982-1987-жылдары Союздун тушунда Жамбыл технологиялык институтунун Алма - Ата филиалында жогорку билим алып, ага инженер-технолог квалификациясы ыйгарылган. 2010-жылы Ош технологиялык университетинин экология жана жаратылышты пайдалануу факультетинин магистратурасына тапшырып, аны 2013-жылы “Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркында жаратылышты коргоону иштеп чыгуу жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу” деген темада магистрдик диссертациясын жактап, экинчи жогорку билимге ээ болуп, ага “экология магистри” даражасы ыйгарылган.

Изденүүчүнүн эмгек жолу арча жайыттарында чөп даярдоочу, андан кийин 10 жылдан ашык Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркынын директору болуп иштеген. Эки мөөнөт катары менен арча токойлорунун негизги массивдеринин зонасында айыл өкмөтүнүн төрагасы болгон. Ошондуктан, изденүүчүнүн диссертациялык долбоорунун темасын тандоо түздөн-түз изилдөө чөйрөсүндөгү узак мөөнөттүү иш тажрыйбасы менен шартталган.

Диссертациялык иш КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Жаратылыш ресурстары институтунун долбоорлорунун алкагында жана ОшТУнун Экология жана айлана-чөйрөнү коргоо кафедрасынын илимий долбоорлоруна ылайык аткарылган, алар: “Тоолуу Кыргызстандын шартында интродукцияланган дарак породалары менен арча токойлорун калыбына келтирүү” (2001 - 2003-жж.); “Табигый жана антропогендик факторлордун таасири астында токой калыптануу процессинин өзгөрүшүнүн шартында Кыргызстандын түштүгүндөгү арча токойлорунда токой чарбачылыгын жүргүзүүнүн илимий негиздерин иштеп чыгуу” (2012-2014-жж.); «JUMP» изилдөө долбоорунун алкагында Евросоюздун каржылык колдоосу менен “Түштүк Кыргызстандын арча токойлорунун табигый жана жасалма регенерациясынын маселелери, токой патологиялык абалы жана экологиялык аспектилери” (2004-2006-жж.); “Кыргызстандагы токой экосистемаларынын экологиялык функцияларын жана биологиялык ар түрдүүлүгүн илимий прогноздоо, аларды пайдаланууну жана көбөйтүүнү оптималдаштыруу” (2014-2016-жж.). “Табигый жана антропогендик факторлордун таасири астында токой калыптануу процессинин өзгөрүү шарттарында Кыргызстандын түштүгүндөгү арча токойлорунда токой өстүрүү” (2015-2016-жж.); “Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын контекстинде токой экосистемаларынын биологиялык ар түрдүүлүгүн коргоо” (2017-2018-жж.). Бул долбоорлордо изденүүчү аткаруучу

жана жумушчу топтун мүчөсү болгондуктан, анын өзүнүн диссертациялык ишин изилдөө маселелерин чечүүгө түздөн-түз катышкандыгын жана анын жеке салымы бар экендигин далилдейт. Албетте, илимий ишти толук аяктоо үчүн узак убакытты талап кылды.

Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиясына караштуу диссертациялык кеңештер жок болгондуктан жана КР УИАнын академиги Б. А. Токторалиевдин демилгеси жана ЖОЖдордун жана облустардын мамлекеттик администрацияларынын өтүнүчү жана Кыргызстандын билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен, биз 06.03.02 – токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча уникалдуу жана азырынча өлкөнүн стандарттары боюнча жалгыз диссертациялык кеңешти ачууга мүмкүнчүлүк алдык.

Ошондуктан, бул кеңеш токой иши боюнча илимий изилдөөлөрдү талкуулоо, баалоо жана илгерилетүү үчүн негизги аянтча катары түзүлгөн жана бул процессте диссертациялык кеңештин ар бир мүчөсүнүн ролу абдан маанилүү болгон. Андан кийин диссертациялык кеңештин эки жылдык ишинин ичинде бул адистик боюнча эки диссертациялык коргоо аткарылды. Ал эми азыр болсо, дээрлик 10 жыл өткөндөн кийин, үчүнчү диссертациялык иш коргоого алдында турат.

Диссертациянын жүрүшүндө С. С. Мурзакулов илимий долбоорду ишке ашыруунун бардык этаптарынан ырааттуу басып өттү. Изденүүчү буга чейин да өзүнүн диссертациясын ийгиликтүү жактаган, ал диссертация КР ЖАКтын эмес, процедуралык талаптардын катачылыгынан өткөрүлгөн эмес.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары эл аралык жана регионалдык деңгээлдеги көптөгөн конференцияларда баяндалды, алардын дискуссиялык форматы коргоого коюлган жоболорду системалаштырууга, изилдөөнүн методологиялык принциптерин оңдоого өбөлгө түздү. Диссертацияда көп жылдык иштөө процесси изденүүчүнүн жарыялаган активдүүлүгү менен шайкеш келет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, мен, илимий жетекчи катары изденүүчү С.С. Мурзакуловдун кандидаттык диссертациясы логикалык жактан аягына чыгып, илимий жактан толук жыйынтыкталган деп эсептейм жана жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнөн 06.03.02 – токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистигинин шифри боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык жумушту коргоого сунуштоону өтүнөм.

**Төрага:** Илимий жетекчисине суроолор жок болсо анда талкууга өтөлү, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, кимде кандай ой-пикирлер бар?

**Танков Н.Т., а.-ч.и.д., доц.:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин катышуучулары. Негизинен бул диссертациялык иштин актуалдуулугу жогорку деңгээлде, жумуштун маштабдуулугу, көлөмдүүлүгү көрүнүп турат, чоң практикалык мааниге ээ. Менин айтар сунушум – авторефераттын орусча жана кыргызча варианттарында берилген

таблицалардын кээ бир жерлерде дал келбей калган, ошол берилген таблицаларды авторефераттын орусча кыргызча варианттарына бирбей иретте тактап берилсе, жумушту коргоого сунуштаймын.

**Төрага:** Сунушунузга ырахмат, Нурлан Токогулович. Онлайн катышуучуларда кандай пикирлер бар?

**Пономарёв В.И., б.и.д., проф.:** Диссертациядагы кээ бир техникалык мүчүлүштүктөрдү жоюу керек. Менин оюмча, бул диссертациялык жумуш көп жылдар аралыгында изилденип аткарылыптыр, ошондуктан коргоого сунуштоону колдойт элем.

**Самиева Ж.Т. б.и.д., доц.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин катышуучулары, мен ойлом бул диссертациялык жумуш чындыгында жыйынтыкталган, жумушту коргоого сунуштайм. Анткени, диссертацияны коргоого чейин жумуштун грамматикалык, техникалык каталарын оңдоого убакыт бар, каникулдук убактан пайдаланып жумуштун стилистикалык мүчүлүштүктөрдү жоюю менен бардык айтылган кемчиликтерди толук аткарууга убакыт бар деп ойлойм жана коргоого толугу менен сунуштайм.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, талкуу жыйынтыкталды. Анда, расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени бекитүүгө өтсөк.

Биздин урматтуу эксперттерден мындай сунуштар келип түштү.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча илимий кадрлары бар Казань (Казань ш.) мамлекеттик агрардык университетинин, токой чарбасы жана экология факультетинин, токой чарбасы жана токой өсүмдүктөрү кафедрасын сунуштоого болот.

Биринчи оппонент катары - Россия Илимдер академиясынын федералдык изилдөө борборунун, Уфа биология институтунун, Токой таануу лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, биология илимдеринин доктору Уразгильдин Руслан Вилисовичти (автореферат боюнча шифры - 06.03.02) сунушталат.

Экинчи расмий оппонент катары - изилдөөнүн проблемасына жакын: Казак улуттук агрардык изилдөө университетинин (Алматы ш.) токой ресурстары, аңчылык жана балык чарбасы кафедрасынын профессору айыл чарба илимдеринин доктору Кентбаев Ержан Жунусовичти (автореферат боюнча шифры –06.03.01 – Токой өсүмдүктөрү, селекция, үрөнчүлүк; 03.00.16 – Экология) сунуш кылат.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, сиздерде кандай ой-пикирлер бар, онлайн катышуучуларда кандай сунуштар бар?

**Танаков Н.Т., а.-ч.и.д., доц.:** Жетектөөчү мекеме адистиктери туура келген илимдин докторлору бар болсо, анда колдойбуз.

**Төрага:** Анда коргоо датасын коелу.

**Катышуучулар:** 2024-жылдын 24-сентябрь айына макулбуз.

**Төрага:** Анда токтомдун долбооруна жана бүтүмүнө ачык добуш берүүгө өтөлү. Изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин 06.03.02 – токой

таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой- экологиялык абалы” темасында диссертациялык ишин коргоо уруксат берүүгө добуш берип койсоңуздар.

Добуш берүүгө диссертациялык кеңеште катышкан 13 мүчөсүнөн:

“Макул” – 14; “Каршы” – жок; “Калыс” – жок.

Талкуунун жыйынты менен жалпы бүтүмгө макулдук берүү менен токтом кабыл алынды:

**ТОКТОМ**

1. Д.06.23.663 Диссертациялык кеңеши 2024-жылдын 4-июндагы отурумунда изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой- экологиялык абалы” деген темадагы 06.03.02 – токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгып, КР президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын алдында жактоого уруксат берүү жөнүндө сунуш кылат.

2. Коргоо датасы 2024-жылдын 24- сентябрына бекитүү менен:

- жетектөөчү мекеме катары 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча илимий кадрлары бар Казань (Казань ш.) мамлекеттик агрардык университетинин, токой чарбасы жана экология факультетинин, токой чарбасы жана токой өсүмдүктөрү кафедрасы;
- биринчи оппонент катары - Россия Илимдер академиясынын федералдык изилдөө борборунун, Уфа биология институтунун, Токой таануу лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, биология илимдеринин доктору Уразгильдин Руслан Вилисович дайындалсын, (автореферат боюнча шифры - 06.03.02) темага тиешелүү эмгектердин автору.
- экинчи расмий оппонент катары - изилдөөнүн проблемасына жакын: Казак улуттук агрардык изилдөө университетинин (Алматы ш.) токой ресурстары, аңчылык жана балык чарбасы кафедрасынын профессору айыл чарба илимдеринин доктору Кентбаев Ержан Жунусович дайындалсын, (автореферат боюнча шифры – 06.03.01 – Токой өсүмдүктөрү, селекция, үрөнчүлүк; 03.00.16 – Экология) изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар.

3. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын алдында Мурзакулов Советбек Сыдыковичке

“Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорунун жана интродукцияланган дарактардын токой- экологиялык абалы” деген темадагы 06.03.02 – токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жана авторефератын чыгаруу, таркатуу жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтына жайгаштыруу боюнча уруксат суралсын.

Д.06.23.663 диссертациялык кеңешинин төрагасы,
б.и.д., профессор, КР УИА академиги Б. А. Токторалиев

Д.06.23.663 диссертациялык кеңешинин
окумуштуу катчысы, б.и.к., доцент З. А. Тешебаева

Дата: 04.06.2024-ж.